УДК 929 Исанов

М. ЖУМАГУЛОВ
*E.mail. ksucta@elcat.kg*

# Н.ИСАНОВДУН ЖАРАТМАНДЫК ДҮЙНӨСҮНҮН ПАРАДИГМАЛАРЫ

*Макалда коомдук ишмер Н.Исановдун өмүр баяны чагылдырылган.*

*В статье рассматривается жизнь и деятельность общественного деятеля Н.Исанова.*

*In article life and activity of public figure N.Isanov is considered.*

Кыргызстандын социалдык-экономикалык, социомаданий жагдайларынын трансформацияlануу шарттарында, кыргыз улутунун жана башка элдердин өздүк идентификацияланышынын ишке ашырылуу багыттарында, республикабыздын коомчулугунун, айрыкча мамлекеттик болумушту, саясат дүйнөсүн аркалаган жарандарыбыздын жалпы адамзаттык жана улуттук, этностук социалдык-маданий, руханий-нравалык баалуулуктарды жаратуу чыгармачылыгына көңүл буру учурдун талабы. Албетте, бүгүнкү экономикалык, социалдык-саясий кырдаалдарды эске алганда мамлекеттик жана коомдук ишмердиктин гуманисттик-аксиологиялык маани-маңызы, укуктук мамлекеттеги, граждандык коомдогу алган орду, маданий-цивилизациялык өнүгүүдөгү наркы, ошол биздин өлкөдө эмгектенген адамдардын ишмердиги, жаратман эмгеги тууралуу ой-толгоо турмуштун зарылдыгы болуп саналат. Чындыгында эле Батыш менен Чыгыштын маданий диалогунда, социалдык-руханий диалектикасында, азыркы маданий-саясий дөөлөттөрдүн дүйнөлүк интеллектуалдык-информациялык мейкиндикке киришинде эгемендүү мамлекетибиздеги эң мыкты атуулдардын коомдук ишмердигинин ролу жогору экендиги белгилүү.

Биздин өлкөбүздүн зарылдык иретинде туруктуу өнүгүшүндөгү көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмерлердин жаратмандык дүйнөсү-өтө татаал, көп кырдуу, аны аркалаган, өзүнүн жарандык жашоосунун, чыгармачылыгынын лейтмотиви, калетсиз принциби катары кабыл алган инсандардын тынымсыз ишмердигинин үзүрү экендиги талашсыз. Кутман элибиздин, бүтүндөй мамлекеттин мүдөө-талаптарын терең түшүнгөн, өлкөнүн туруктуу өнүгүшүндөгү атуулдук жоопкерчилигин, парзын сезген, ал үчүн бүтүндөй күч кубатын жумшап, өзүн, өмүрүн тобокелге салып, жашоо-турмуштун агымындагы коллизияларга моюн сунбай, мезгил закымын жылоолой жүрүп, андан «сүзүп алган» «күндөлүк маданий-саясий маалыматтарды талдап, келечекке ишенимдүү серп салган атуулдардын бийик абройуна куп ыраазы болобуз. Ушул өнүттө советтик геосаясий мейкиндиктин соңку социалдык-экономикалык бурулуштарын «акыл сересинен» өткөрүп, аларга жан-дили менен аралашып, учурдун утурумдук таасирине алдырбаган, максат-багытынын тактыгы, узакты, келечекти ойлонгон акылгөй сабырдуулугу менен айырмаланган, өзүнүн турмуштагы ордун билип, жөнсүз урунуп-беринбеген, парасаттуу аракеттенүүнү, түпкүчүлүктүүлүктү туу туткан, өлкөбүздүн өнүгүү «жүгүн» чаалыкбай көтөргөндөрдүн бири –көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмер Насирдин Исанович Исановдун инсандык-жаратмандык дүйнөсү тууралуу азыноолак да болсо ой-бөлүшүү зарылдык.

Мамлекеттик жана коомдук ишмердик чөйрөсүндө жазылбаган бир мыйзам бар. Ал адамкерчиликтүүлүктү, сылык-сыпаалыкты, ыймандуулукту, толеранттуулукту туу туткан инсанды сыйлоо, урматтоо, коомдук-саясий жагдайлар боюнча терең компотенттүүлүктү, даанышмандуулуктуу, масштабдуу аналитикалык ой жүгүртүүнү, ар тараптуулукту жана бийик руханий-гуманисттик, илимий-интеллектуалдык дараметти баалоо болуп саналат. Ушуга байланыштуу 30 жылдан ашык мезгилде ар түрдүү мамлекеттик, советтик жана партиялык кызматтарда иштеп, өзүнүн кайталангыс мээнеткечтиги, тыкандыгы, ирееттүүлүгү жана коомдук ишмердик, жаратмандык дүйнөсүнүн даана-тактыгы, кенендиги, кайратмандыгы, көөнөрбөс чыгармачыл мүмкүнчүлүгү жана акыл-чабытынын көп кырдылуугу, тунуктугу, сезимталдыгы менен Насирдин Исановичтин пейли кенендикти, мээрмандыкты, маданияттуулукту, өзүнө сиңирген улуу инсандык сапаттары замандаш-кесипдештерине гана эмес, азыркы муунга да үлгү болуп келет.

Советтик мезгилдин 60-жылдарында Н.Исанов Москвадагы инженердик-курулуш институтун ийгиликтуу аяктаган соң эмгек жолун өлкөдөгү курулуш тармактарынан баштап, жоопкерчиликтүүлүктү талап кылган, советтик жана партиялык кызматтарды аркалап, республикада президенттик бийликтин институту киргизилгендигине байланыштуу 1990-жылдын декабрында Кыргыз Республикасынын вице-президенти, ал эми 1991-жылдын 22-январынан премьер-министр болуп иштеп, өзүнүн атуулдук ишмердигин, көөнөрбөс инсандык жаратмандыгын көрсөткөн.

Эгемендүү Кыргызстандын өнүгүшүнүн татаал, бурулуш мезгилинде жумуриятыбыздын өкмөтүн жетектөө менен Н.Исанов өзүнө таандык табигат тартуулап-ыроологон талантын, таза пейилдигин, тынбаган эмгекчилдигин, демилгелүүлүгүн, бардык күчүн, кайратын, билимин жана тажрыйбасын аткаруу бийлигинин жаңы структураларынын калыптанышына, эл чарбасын стабилдештирүүгө, базар мамилесин туруктуу көтөрүүгө, Кыргызстандын өнүгүшүнүн социалдык-экономикалык, маданий-руханий, саясий-укуктук чукул, актуалдуу маселелерди чечүүгө аябастан берген. Экономика илимдеринин кандидаты, СССРдин инженердик академиясынын академиги болуу менен учкул  мезгилдин күрөө тамырынын кагылышын кылдат сезип, илимди турмуштук тажрыйба менен иш билги айкалыштырып, республикабызда социалдык-экономикалык саясатты калыптандырууга чыгармачыл мамиле жасаган. Н. Исанов экономикада радикалдык өзгөрүүлөрдү жүзөгө ашырууга жана рыноктук механизмдердин калыптанышына, жер реформасын турмушка ашырууга, ишкердикти жана чакан бизнести өнүктүрүүгө, республикалар жана чет мамлекеттер аралык социалдык-экономикалык байланыштардын түзүлүшүнө жана чыңдалышына олуттуу салым кошкон.

Кыргызстандын соңку советтик жана эгемендүүлүккө ээ болгон мейкиндик-мезгилдин тутумунун чейрек кылымдан ашуун закымында Насирдин Исанович адамдык көөнөрбөс чыгармачылыгынын контексттинде эли, жери, өлкөсү жана илим-билим үчүн жан-дилинен кызмат кылууну зарылдык экендигин өзүнүн жашоо-турмушунун үлгүсүндө көрсөттү, жетишкен ийгиликтери, үзүрлүү эмгеги менен инсандык абройун байытты десек жаңылышпаган болоор элек. Атуулдук болумушта сейрек кездешкен адамгерчилик, боорукерлик, тазалык, патриоттуулук, кеңпейилдик, ак-көңүлдүк, ачыктык, демократиялуулук жана башка баалуу сапаттар, мүнөздөр кыргыз элинин бул эң мыкты уулунун жаратмандык дүйнөсүнүн нарк-насилдүүлүгүн туюнтуп тургандыгы белгилүү.

Көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмер Насирдин Исанов өз ишин так билген, тажрыйбалуу, түшүнүгү кең, руханий-интеллектуалдык потенциалы бай жана бийик, мээнеткеч инсан катары замандаштарынан айырмаланып турган, кандай гана жооптуу кызматтарда иштебесин, кызматташтарына, замандаштарына  бардык эле кадрларга катуу талапты коё билген, принципиалдуулукту ыйык тутуп, социалдык-

маданий, мамлекет-саясат дүйнөлөрүнүн татаал, көп кырдуу сырларын өздөштүрүүгө өзгөчө маани берген. Бул жагдайдан алганда бүтүндөй өлкөнүн чегинде масштабдуу ой жүгүрткөн, сезгич-туюмдуу жетекчи, жоопкерчиликтүү, көрөгөч, келечекке ишенимдүү серп салган уюштуруучу жана коомдук ишмер иретинде коомдук, мамлекеттик иштердин карама-каршылыктуу дүйнөсүнө улам сүңгүп, аянбай эмгектенип, өз элинин, коомчулуктун алдында байсалдуу эмгек өтөп, «нар көтөргүс» иштерди жасап кетти десек жаңылышпайбыз.

Эгерде Насирдин Исанович Исанов бар болгондо быйыл (2013-ж.) жетимиштин белесине демдүү келмек, очор-бачар үй-бүлө ээси, сүйүктүү ата, көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмер, өз багытын баштап-аныктап, өлкөбүздүн туруктуу өнүгүшүнө дагы калбаат салым кошуп, өрнөктүү өмүр жолун өрүлөйт эле. Н.Исановдун бүткүл өмүрү, анын бүтүп-бүтпөгөн иштери менен аракеттери жаңыланып жаткан Кыргызстандын, кутман элибиздин соолбос чыгармачыл мүмкүнчүлүгүнө жана жаратуучулук кубатына, кыргызстандыктардын татыктуу келечегине терең ынаным менен дагы бекем ширелмек. Аттин, «бири кем дүйнө» дегендей, бул жашоодон 50гө чыгып-чыкпай кетсе да, калкыбыздын татыктуу уулу, пейили кең, мээрман жараны Насирдин Исанович, учурунда мейман катары өмүр сүрбөй, калдайган калың журтуна ак кызмат өтөп, абийир, урмат-сый, дөөлөт күтүп, өрнөктүү жаратман дүйнөсү менен Кыргызстандын тарыхында өзүнүн татыктуу ордун таап, кыргыздын эң мыкты инсандарынын бири – чыгаан мамлекеттик жана коомдук ишмер катары кутман элибиздин жүрөгүндө түбөлүккө сакталышы мыйзамдуу көрүнүш.